ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

**АБАКИРОВ**
**nbknu@mail.ru**

# «МАНАС» ЭПОСУ ЖАНА СҮРӨТТӨП КӨРСӨТҮҮ ӨНӨРҮ

«Манас» эпосу жөн эле монументалдуу чыгарма эмес. Ал – ириде өтө образдуу, орнаменталдуу, саймадай кооз чыгарма. Анын баалуу жактарынын бири ажайып образдуулугунда, ошол эсепсиз образдардын көп түстүүлүгүндө жана көркөм реалдуулугунда, кыймыл-аракеттердин, окуялардын тажатма эместигинде, тескерисинче таңкаларлыктай ийкемдүүлүгүндө, чебер романдагыдай кызыктуулугунда турат. Чыгармада бири-бирине толук окшоп калган, бири-бирин кайталаган эч нерсе жок. Мына ушунусу менен эпос көркөм сүрөт искуссвосу үчүн да түгөнгүс жана ажайып материал тартуулап турат. Эпосту окуган, уккан адам андагы каармандар жана окуяларды, түркүн кырдаалдарды жана көрүнүштөрдү өздүк көркөм ой элегинен өткөрүп, өзүнчө көркөм дүйнөсүн, элестөөлөрүн жаратат. Эгер ал адам сүрөтчү же скульптор болсо, эпостун көркөм дүйнөсүн ошол өзү тутунган өнөрдүн жанрдык мыйзам-заңдарына жараша ооштурушу, тиешелүү бир чыгарма жаратууга белсениши ыктымал. Албетте, жакшы чыгарма ошол сүрөткердин жан дүйнөсүн ээлеп, ышкысын козгогондо гана жаралат. Сүрөткер таланттуу болсо бул багыттагы чыгармачылыктын натыйжасы алда канча түшүмдүү болору айтпаса да түшүнүктүү.

Искусствонун башка түрлөрү (музыка, театр, кино ж.б.) сыяктуу эле, албетте, сүрөтчү да, скульптор да эпостун ички рух дүйнөсүн, ал чагылдырган доорду, анын саясий, маданий, этнографиялык (ж.б.) өзгөчөлүктөрүн, эпикалык каармандардын кулк-мүнөзүн түшүнүүсү, иликтеп үйрөнүшү, көркөм ой элегинен өткөрүп, өздүк позициясына ээ болушу зарыл. Бул жерде болгону эпикалык чыгарманы башаламан трактовка кылууга болбойт деген гана жазылбаган эреже бар.

Эпосту профессионалдуу сүрөт өнөрүндө чагылдыруу XX кылымдын 30-40-жылдарында башталгандыгы, анын башатында китеп графикасы тургандыгы талашсыз болсо да, анын бул багыттагы тарыхы алда канча узак мезгилди камтыйт деген көз караштар орун алып келет.

Мисалы, таланттуу кинорежиссер жана манас изилдөөчү Мелис Убукеев «Манас» эпосунун сырлары аттуу (орусча) эссе мүнөзүндөгү салмактуу эмгегинде Сибирдик окумуштуу Е.В.Ларичев 1949-ж. Хакасиянын Ак-Июс дайра – суусунун жээктериндеги аска-таштарга тартылган, биздин эрага чейинки VII-V кылымдардагы Түштүк Сибирдин Тагар маданиятына тиешелүү сүрөттөрдү тапкандыгын, ал сүрөттөр кайсы бир эпикалык баяндын сюжети экендигин белгилейт. Сүрөттөрдө баатырдын каза болушу, жесир аялдын уулу менен качышы, бала баатырдын өсүшү, алгачкы жеңиштери, курал-жарактуу болушу, алыскы өлкөгө жүрүш жасап, нөкөрлөрү (чоролору) менен курман болушу, өлгөндөн кийин жер алдындагы караңгы дүйнөгө түшүп, андан курал-жарагы менен кайра жер үстүнө чыгып, Көк Теңирге көтөрүлүп, өлбөс (кайып) болуп калышы баяндалат. М.Убукеев бул сюжет «Семетей» эпосунун фабуласын толук чагылдыра тургандыгын айта келип, мындан эпостун тарыхы бир нече кылымга узарып, андан кыргыздардын байыркы Мекени Түштүк Сибирь деген жыйынтык чыгарын билгилейт. (1, 162-б.)

Буга чейин белгилүү адабиятчы, фольклорист жана «Манас» изилдөөчү Мундук Мамыров «Манас» эпосу жана байыркы сүрөт өнөрү» (1972) аттуу эмгегинде археолог М.П.Грязновдун 1961-жылы «Ареологиялык жыйнакка» (III чыгарылыш, 7-31-бб. - Ленинград) жарыяланган «Түштүк Сибирь элдеринин баатырдык эпостору – байыркы эстеликтер» аттуу көлөмдүү иликтөөсүндөгү кызыктуу маалыматтарды келтирет. Эгерде М.П.Грязнов макаласында Түштүк Сибирь, Монголия, Борбордук Азиядан табылган материалдык буюм-тайымдарга тартылган өтө эски, байыркы сүрөттөрдү иликтеп, түрк-монгол элдеринин баатырдык эпостору скиф-сарматтык мезгилде, мындан 2000 жыл

мурда түзүлгөндүгүн тастыктаса, анын далилдери менен М.Мамыров «Манас» эпосунун мисалында өздүк көз карашын бекемдөөгө умтулат. М.Мамыровдун пикиринде Уралдын Кулагыш аймагынан табылып, б.з.ч. доордун биринчи миң жылдыгына таандык күмүш табакка тартылган, эки жоокердин  жеке кармашын чагылдырган сүрөт (1), Тюмень областынан табылып, ошого эле мезгилдеш болуп, эки жоокердин жогоркудан башкачараак мүнөздөгү жеке кармашын көрсөткөн күмүш чөмүчтөгү сүрөт (2), Ордостон табылган (б.з.ч. III-I кылымдар) эки коло каңылтырдагы атчан баатырлардын жеке кармаштары тууралуу сүрөттөр (3), Обь жана Иртыш дарыяларынын ортосунан табылып, б.з.ч. V-III кылымдарга таандык кылынган «Бак-дарак алдындагы көчмөндөрдүн эс алуусу» деп аталып, кемер курдун эки алтын каңылтырына тартылган мандаш токунуп отурган бир аял, бир эркектин, аялдын тизесине башын коюп, узунунан жаткан дагы бир эркектин (жабдыктуу эки ат, жаа, саадак бар) сүрөттөрү (4) түрк-монгол эпосторуна, анын ичинде кыргыз эпосторуна тикелей тиешеси бар. М.П.Грязновдун ушул каңылтырдагы (3) сүрөттөрдү Енисейлик кыргыз усталары жасаган деген далилин да эске алып, М.Мамыров жогорку 1-2-3-сүрөттөрдөгү баатырлардын жекеме-жеке кармашын «Манас» эпосундагы Кошой жана Жолойдун күрөшүн бардык жагынан элестетип турарын, дегеле мындай кармаштар түрк-монгол элдеринин жоокердик заманында салттык көрүнүш болгондугун белгилейт. Ал эми 4-сүрөттөгү адамдар эс албай эле жарадар болгон баатырды айыктырып жатышканын баамдап, окумуштуу: «узунунан жаткан эркек Манас же Семетей, аял Каныкей же Айчүрөк деп болжосок да болчудай. Анда ат кармап отурган киши чоролордун бири болуп чыгат. Эки аттын биринчиси – Аккула же Тайбуурул, экинчиси – чоронун аты болмок», - деп жазат (2, 131-б.). М.Мамыров аталган байыркы «сүрөттөп көрсөтүүчү өнөр эстеликтериндеги» көрүнүштөрдү «Манас» эпосундагы окуяларга, каармандарга, курал-жарактарга салыштырып, ынанымдуу далилдерди келтирет да, М.П.Грязновдун түрк-монгол элдеринин баатырдык эпостору согуштук-демократия түзүлүшүнө туура келген алгачкы көчмөндөр мезгилинде, б.з.ч. биринчи миң жылдыктын экинчи жарымында түзүлгөн деген пикирин колдоого алат. Демек, байыркы сүрөт өнөрү камтылган эстеликтер М.Мамыровду жана М.Убукеевди эпостун жаралыш доорун, анын жолдорун жана аймагын тактоо максатында кызыктырат.

Белгилүү фольклорист Р. Кыдырбаева эпостун байыркылыгын, кылымдар тереңинде жаткан генезисин айгинелөө максаты менен М.П. Грязновдун дагы бир түшүндүрмөсүнө кайрылат. М.П.Грязнов тарабынан иллюстрацияланып (Красноярск ш.), Мессершмидт жарыялаган VIII-X  кылымдарга таандак «Күмүш кубоктогу» мергенчилик сценасын чагылдарган сүрөт стили боюнча кытайлардын көркөм сүрөттөрүн эске салганы менен Енисейдеги кыргыз чеберлери тарабынан жасалышы ыктымал экендигин ал өзү баса көрсөтөт. (М.П.Грязнов. Древнейшие памятники героического эпоса народов Южной Сибирии., Археол. сб. – изд. Гос. Эрмитажа, 1961, 18-б.). Ал эми Лена дарыясынын жээгиндеги Шишкин аскаларындагы сүрөттөр академик А.П.Окладниковдун пикиринде «техникасы жана стили боюнча» Енисей сүрөттөрүнө окшош жана аны да кыргыз сүрөткери тартышы мүмкүн. Окумуштуу андан ары ал сүрөттөр байыркынын атчан малчыларынын согушчан бир уруусу жараткан эпостун фрагменти болушу керек деген бир чети күтүүсүз жыйынтык чыгарат. (Окладников А.П. Шишкинские писаницы. – Иркутск, 1957, 149-б.) Профессор Р. Кыдырбаеванын ою боюнча «бул фактылар түрк тилдүү элдердин эпикасынын тамыры көөнө экендигин күбөлөйт». (7, 50-б.)

Ал эми биз үчүн М.Убукеев жана М.Мамыров талдоого алган сүрөттөрдөгү көрүнүштөр «Манас», «Семетей» эпосторундагы окуяларга, кырдаалдарга жана каармандардын иш –аракеттерине толук дал келгендиги менен маанилүү. Мындан ошол «сүрөттөп көрсөтүүчү өнөр эстеликтерин» аң-сезимдүү түрдө эпикалык окуяларды жана каармандарды алгач ирет көрсөтмөлүү формада чагылдыруу аракеттери катары бааласак болот. Мындай көз караштар негизинен божомол,  гипотеза болгону менен даңазалуу чыгарма менен үндөшүп турган учурлар кайсы бир деңгээлде ошол сүрөттөр менен эпостун байланыштуу экендигин да жокко чыгарбайт.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Биздин замандын ар кайсы доорлорунда, айрыкча орто кылымдарда фарсы, кыта[illegible] индус аалымдарынын, тарыхчы-саясатчыларынын кол жазмаларында, маселен, Чынгыз хандын, Темирландын жоортуулдарына байланышкан эмгектерде кыргыз калпагын кийген адамдардын, жоокерлердин элеси таасын байкалган учурлар көп. Албетте, алар кыргыз элинин эл аралык алакасын чагылдырышы, тигил же бул деңгээлде «Манас» өңдүү эпикалык чыгармаларга байланышы болушу ыктымал. Бул маселе өз алдынча алгылыктуу фактылык матеиалдарды топтоп, кеңири жана кылдат иликтөөнү талап кылары анык. Ошондой эле аска-таштарга тартылган эзелки сүрөттөр (петроглифтер), Борбордук Азияда кеңири таралган балбалдар (таш эстеликтер) да даңктуу эпосту изилдөөчүлөрдү кызыктырбай койбойт өңдүү.

Ошентип иликтеп көргөн адам «Манас» эпосун «көрүп кабылдоочу өнөрлөрдө» (сүрөт, скульптура) чагылдыруу иштеринин учугу мындан бери дегенде эле эки миң-үч миң жылдар мурунку мезгилге барып такаларын баамдайт, жогорку фактылар эзелки кыргыз тарыхы менен байланышып турганын жана кайсы бир өңүттөн түшүндүрүү керектигин сезет. Бул албетте, дагы да келечектин, атайын даярдыгы бар жана кызыкчылыгы жогору адистердин иши десек болот.

Ал эми XX кылымдан башында (1903-1904) Кыргызстанга орус экспедициясы менен келип, Кенжекара деген ырчыдан «Семетей» эпосунун үзүндүсүн угуп, фонограммага түшүргөн жана 1914-жылы «Түркстандын талааларында» деген китебин жарыялап, ага ырчынын жана «Семетей менен Айчүрөктүн Үргөнч жээгинде жолугушуусу» деген сүрөттөрүн жайгаштырган Б.Смирнов болгондугу маалым. Бул сүрөттөрдү белгилүү фольклорист С.Мусаев «эпостун каармандарынын көркөм элесин живопись аркылуу чагылдыруу аракетинин биринчи кадамы» (3, 531-б.) катары баалайт. Китеп графикасы боюнча алганда чындыгында эле ушундай.

Ал эми «советтик» деп аталган доордо, эпосту жыйноо, жарыялоо жана иликтөө иштери колго коюлгандан бери «Манас» эпосун кыргыз сүрөтчүлөрүнүн бири да айланып өтө алган жок десек аша чапкандык болбойт. Бирок ага бардыгы бирдей кайрылган жок. Айрым сүрөтчүлөр ага бирин-экин сүрөттөрүн арноо менен чектелсе, кээ бири арбынраак кайрылды, бир катар сүрөткерлерде эпос боюнча эмгек жаратуу программалык мүнөзгө ээ болду.

Улуу, орто жана кийинки муундагы Г.Айтиев , С.Чуйков, А.В. Арефьев, Б.Жумабаев, И.Костылев, С.Петров, Я. Штоффер, В. Фаворский, Т.Садыков, А.Игнатьев, М.Искаков, С.Ишенов, А.Михалев, А. Мануйлов, С.Чокморов, В.Тюрин, Е.Соколов, А.Шубин, Л.Фейнберг, Ж.Кыдыралиев, В.Рогачев, Т.Герцен, В.Ильина, О.Мануйлова, Т.Курманов, Л.Эрман, М.Сыдыкбаев, А.Торопов. А.Асанов, М.Асаналиев, Ю.Шыгаев, Б.Абдылдаев, А.Турсункулов, К.Маленов, К.Беков, М.Султаналиев, М.Дөөлөтбаев, М.Кунакунов, В.Герасимов, Б.Табалдиев, Ж.Жакыпов, М.Бекжанов, Э.Салиев (ж.б.) сыяктуу көркөм сүрөт өнөрүнүн түрдүү жанрынын өкүлдөрү, скульптор, театр сүрөтчүлөрү, китеп графиктери ага өз өнөрлөрүн арнашты. Булардын чыгармачылыгына үңүлүп, иликтөө салган адам «Манас» эпосунун мисалында жалпы эле улуттук көркөм сүрөт, скульптура өнөрүнүн бир тармактагы эволюциясын жалпылап айкындай алат, анын ичинде эпостун өзүнүн көз менен кабылданган искусстводогу баскан жолун баяндап берет. Анткени, аталган авторлордун чыгармачылыгы 60-70 жылга жакын мезгилди өз ичине камтыйт.

Эпостун мейкиндик жана мезгилдик жактан кеңдиги, композициялуулугу, жандуу аткаруу учурундагы бөтөнчө образдуулугу, ар бир образдын, окуя-сценалардын колориттүүлүгү жана кайталангыс индивидуалдуу мүнөзү, көрүп тургандай элестүү-таасирдүүлүгү, чыгарманын тулкусуна сиңирилген идеялардын, ой-санаалардын терендиги, түбөлүктүүлүгү жана сырдуулугу көркөм сүрөтчүлөр менен скульпторлорду эртедир-кечтир кызыктырбай, өзүнүн эпикалык ажайып дүйнөсүнө жетелеп кирбей коймок эмес. Эпостун мындай касиет-сапаттары, өзгөчөлүктөрү аны менен китеп түрүндө таанышкан окурманга да жетип, түйшөлтпөй койбойт.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Традициялуу сүрөт искусствосунун жанрларында (сүрөт, графика) ошол сүрөт чагылдарган доордун рухун берүү, көрүүчүгө ынанымдуу жеткирүү өзгөчө мааниге ээ. Пейзаждан тарта элдин, адамдардын турмуш-тиричилиги, кебете-кешпири, баян этилген кырдаал-учурдун өзү ишеним чакырып турушу негизги шарттардын бири. Ошондуктан мындай чыгармаларда майда-барат деталдарга чейин чоң маани берилет да, алар картинадагы көрүнүштүн, образдын маани-маңызын, мазмунун тереңдетип, ошол мезгил-доорго ылайыкташтырып ачып берүүгө кызмат кылат. Ал эми оозеки чыгарма боюнча тартылган сүрөт-картиналар ошол чыгарманын мазмунуна, эпикалык доордун мүнөзүнө төп келиши зарыл. Сүрөтчү жеке же группалык портреттер болобу (баатырлар, айымдар, жоокерлер ж.б.), кадыресе турмуштук же согуштук сценалар болобу турак-жай көрүнүшү, кийим-кече, курал-жарак, оокат-тиричиликтеги шаймандарга чейин ошол элестетилген эпикалык заман-доорго ылайык келтирип, көрүүчүнү ага ишенидириши зарыл. Көрүүчү-окурман көз алдындагы мындай сүрөттүн көркөм реалдуулугуна шектенбей, аны өзүнүн элестөөлөрүндөгү образга, көрүнүшкө дал келтирип, ошол чыгарма тартуулаган көркөм дүйнө менен жуурулуштуруп, биримдикте кабылдаган учурда гана сүрөт ийгиликтүү чыккан, сүрөтчү өз максатына жеткен дей алабыз. Ошол эле учурда кайсы бир сүрөттөгү деталдар, же бүтүндөй сүрөттүн өзү чыгарма чагылдарган учурга, каармандын мүнөзүнө коошпой, ишенич жаратпай турса, сүрөтчү чыгарманын, каармандардын (ж.б.) маанисин, маңызын натура кабылдаган деген жыйынтык келип чыгат.

Бирок мындай деталдаштыруу, чыгарманы толугу менен натуралисттик маанайда кабылдоо дегендикке жатпайт. Эгерде Т.Герцен С.Орозбаковдун варианты боюнча «Манасты» жасалгалоодо мына ушундай деталдаштыруу жолу менен чыгармага төп келген, аны окурмандын-көрүүчүнүн кабыл алуусуна дал келтирген реалисттик графикалык картиналарды жаратса, Б.Жумабаевдин көркөм реалдуулугу андан кем эмес графикалык сүрөттөрү мындай деталдаштырууга муктаж эместигин көрөбүз. Б.Жумабаев сүрөттөрүндө атайылап ирилештирилген, чоңойтулган ак жана кара түстөгү ийкемдүү, пластикалуу чиймелер менен эпикалык образ жаратат. Ак жана кара түс менен чектелген сырткы жөнөкөйлүүлүк жана таңкаларлыктай пластикалуулук С.Жумабаевдин сүрөттөрү үчүн мүнөздүү касиет.

Б.Жумабаевдин «Тулпарлар» (1966-ж.), «Баатырлар», «Айымдар» (1967-ж. С.Каралаевдин варианты боюнча) аттуу сериясын жогору баалап, сүрөтчү эпостун рухуна шайкеш келген, эмоционалдык жаңырыгы күчтүү бир бүтүн организм мүнөзүндөгү сүрөттөрдү жаратыкандыгын белгилеп, искусство таануучу Р.Бакинова: «Строгие графюры, выполненные с большим художественным вкусом, насыщены экспрессией штриха, они составляют впечатление достигнутой гармонии. Художник чуток к поэтичности эпоса и, стремясь выразить ее, достигает впечатлительной выразительности черно-белых, входящих один в другой, штрихов демонстрируя при этом великолепную поэтическую выдумку, не страдающую повторением и шаблоном. В виртуозно-выразительных линиях просматривается индивидуалированность героев эпоса, проявляюшаяся во внешнем виде, одежде, чертах характера, поступках, снаряжении»,-деп жазат (4, 12-13-б.). Ошол эле учурда Р.Бакинованын пикиринде (биз жогортодо белгилегендей,) сүрөтчү айрым деталдардан мүчүлүштүк кетирет. Маселен, ал улгайып калган Каныкейге жаш кыздарга тиешелүү элечек кийгизип койгон дейт окумуштуу. Бирок мындай майда, байкала бербеген мүчүлүштүктөргө карабай Б.Жумабаев эпостун Манас, Семетей, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Сейтек, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Бурулча сыяктуу баатырларын, айымдарын жана Аккула, Сарала, Тайтору, Алгара өңдүү даңазалуу тулпарларды ар биринин өздүк образы бар персонаждар катары байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин алып келет да, эпосту иллюстрациялоо ишинде кайталангыс, өзүнчө бир ачылыш жасоого жетишет. Анын аталган сүрөттөрү чыгармадагы эпикалык доорго, окурман-угармандын ошол доор-мезгил тууралуу көркөм элестөөлөрүнө дал келип «кыргыз өңү менен мүнөзү көрүнүп турган жалпыланган улуттук типаж» (Осташев А.С.) жараткандагы менен баалуу болуп калды. Б.Жумабаевдин «Манас» эпостору боюнча сүрөттөрү кыргыз окурмандарына

жакын, түшүнүктүү гана болбостон, анын образдык системасын, айрыкча баатырлар, айымдар жана тулпарлар сыяктуу бири-бирисиз жашай албаган үчилтик формасындагы образдар системасын көз менен көрүп, көңүлүнө төп келгидей деңгээлде жеткиргендиги, эпикалык доор менен каармандар жөнүндө кыялый чабытын өрчүтүүгө мүмкүндүк бергендиги менен да зор мааниге ээ.

Б.Жумабаевдин таасири кыргыз эпосун иллюстрациялоочулардын ири өкүлү Теодор Герцендин бул багыттагы чыгармачылыгынан таасын байкалат. Т.Герцен Б.Жумабаевдин тажрыйбасын эске албай коймок эмес. Биз муну Т.Герцен өз сүрөттөрүн Б.Жумабаев сыяктуу ак-кара түстөн турган графикалык жанрда аткаргандыгынан эле баамдасак болот. Бирок Т.Герцен аны кайталабай өз жолу менен кетти, б.а. ал эпосту «өз көзү менен көрүп», өз кабылдоосуна жараша көркөм сүрөт өнөрүнө салды. С.Орозбаковдун варианты боюнча 1978-1982-жылдары жарык көргөн «Манас» эпосунун төрт томдугун Т.Герцен залкар сүрөтчү Г.Айтиевдин сунушу менен иллюстрациялап, чыгармачылык чоң түйшүктү башынан кечирген. Буга чейин сүрөтчү катары кеңири таанымал болуп келген Теодор Герцен Манастын мекени Таласта төрөлүп, эс тарткандан кыргыз элинин турмуш-тиричилигине аралашып, анын салт-санаасын, тилин, этнографиясын мыкты билип өссө да, «Манас» эпосун сүрөт менен жасалгалоо ага эбегейсиз зор жоопкерчилик жүктөп, кыргыз элинин бүгүнкү жана өткөндөгү жашоо-тирилиги, эпостун өзү жөнүндө кайра ой жүгүртүп, кайра көп нерсени иликтеп, үйрөнүүгө мажбур кылды. Муну художник өзү кийин эскерген эле. (5). Ал эпос боюнча баш-аягы 200дөн ашык сүрөт жаратты. Канчасы эскиз, идея абалында калганы бизге белгисиз.

Төрт томдогу сүрөттөр Т.Герцендин эпостун сюжетин мыкты билип, чыгарманын рухун жеткилең түшүнгөндүгүн айгинелеп турат. Ар бир томдогу сүрөттөр анда баяндалган окуялардын мазмунун чагылдырып, белгилүү өлчөмдө аны көрсөтмөлүү даражага гана жеткирбестен, портреттердин жана кырдаалдардын образдуулугун, көркөм элестүүлүгүн арттырып, монументалдуу эпоско панорамалуу мүнөз тартуулап турат. Р.Бакинова Т.Герцендин эпоско тарткан сүрөттөрүн шарттуу түрдө үч типке ажыратат. Окумуштуу I типтеги сүрөттөргө баатырлардын, айымдардын, тулпарлардын (бири-бирине окшобогон, толук өзүнчөлүккө эгедер) портреттерин, II типке сюжеттик-тематикалык ыңгайдагы иллюстрацияларды, III типке ар бир главанын башталышындагы сүрөттөрдү киргизет (4, 20-22).

Бирок ар бир главанын кире беришиндеги сүрөттөр өзүнүн обңектиси боюнча I, II типтердегидей эле экендигин эске алсак, III типке бирин-серин жандуу каармандар (жоокерлер, малчылар, канаттуулар, жаныбарлар ж.б.) аралаштырылган же алар кездешпеген, бирок мазмундук өзгөчөлүгү боюнча пейзаждык мүнөздөгү сүрөттөрдү киргизүүгө болор эле. Китептин форматына жараша кичирейтилген ал сүрөттөр да ошол бөлүмдөгү баяндалган окуялардын мазмунуна да келип, анын пафосун жалпылаштырып, аны кабылдоого окурманды алдын-ала даярдап турат. Бул дагы Т.Герцендин чеберчилигинин бир үлгүсү дешке болот. Ошол эле учурда анын иллюстрацияларын тематикалык-мазмундук өзгөчөлүктөрүнө таянып: портретик, баталдык (баатырдык-согуштук), турмуштук, пейзаждык, шарттуу-символикалык деген түрлөргө ажыратууга да болор эле.

Эгерде портреттердин (баатырлар, айымдар, тулпарлар) дээрлик баардыгы алардын оң жана терс персонаж экендигине карабай калыс, обңективдүү позициядан туруп, ар бирин индивидуалдуулукка эгедер, бирин-бири кайталабаган образдар катары чечмелесе, сюжеттик-тематикалык пландагы иллюстрациялар да көп түстүү турмуштук жагдайларды өз ичине камтып, ар бири өзүнчө чакан концепцияга ээ болуп турат. Ар бир сүрөттүн артында Т.Герцендин чебер кыл калеми, ак-карасы аралаш, көп катмарлуу палитра менен берилген «Манас» эпосунун философиясы жатат. Мына ушул касиети менен Т.Герцендин сүрөттөрү адистер тарабынан гана эмес бүткүл кыргыз коомчулугу тарабынан жапырт колдоого ээ болуп, эпос менен кынтыксыз биригип, аны менен үзөңгүлөш жашоосун улантып келе жатат. Т.Герцендин сүрөттөрүндө «көрсөтмөлүүлүк менен сөздүн сейрек

жуурулушуусу» (6) ийгиликтүү ишке ашкан деген О.О.Попованын пикиринде чындыктын үлүшү чоң.

Нагыз баатырдык-жоокердик замандын илеби уруп турган Т.Герцендин сүрөттөрү ошол эле учурда көөнө кыргыз турмушунун поэтикасын да жеткиликтүү чагылдырат. Баталдык сценаларды, уруш-согушка даярдыктын жүрүшүн, же ушул кыйчалыш, кооптуу кырдаалдардын деми сезилип турган жагдайларды алдыңкы планга чыгарса да, сүрөтчү кадыресе турмуштук көрүнүштөрдү, ар бир персонаждын мүнөзүнө, алардын ич-ара мамилесине жараша ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктан, тазалык менен кара өзгөйлүктүн тирешин, алардын ички динамикасын чегине жеткире бере алган. Жалаң ак, кара менен тартылган, Т.Герцендин көп катмарлуу сүрөттөрү байыркы баатырдык доор кыймылын, демин таасын чагылдырат да, эпостун өзүндөгүдөй көп түстүү, юмордук, баатырдык, лирикалык, трагедиялуу, поэтикалык маанай жаратат. Ал эми баатырлар, айымдар жана эпос катмыган мезгилдин алмаштыргыс атрибуту болгон тулпарлардын бирин-бири кайталабаган портреттери, мүнөздөрү да психологиялык жактан ишенимдүү чыккандыгын белгилей кетүү зарыл. Ошентип, Т.Герцен «Манас» эпосунун рух-маанайын, философиясын, эпикалык мезгилдин кыймыл-демин терең түшүнүп, аны чыгарма менен эриш-аркак байланышта турган сүрөттөр сериясы аркылуу кашкайта ачып берүүгө жетишкен жана аларды «Манас» эпосун прапагандалоодогу шексиз ийгилик катары кароого болот.

Б.Жумабаев менен Т.Герценге чейин «Манас» эпосун иллюстрациялоого бир катар сүрөтчүлөр кайрылышкан. Алардын эмгектери жөнүндө сөз башка. Чын-чынында эпосту көркөм сүрөт менен жасалгалоонун мурун да, кийин да болбогон бийиктиги мына ушул эки сүрөтчүнүн талантына тикелей байланышта турат. Чыгармада баян этилген көп түстүү жашоо-тиричиликтин түбөлүктүүлүгүн, Ата Мекен, эл-жер үчүн күрөштүн улуулугун даңазалап, өткөн замандын адеп-актык, баатырдык рухун, тереңде жаткан соолубас философиясын кылдат сезе билген Б.Жумабаев менен Т.Герцен, ак менен кара түстөрдүн, илбериңки сызыктардын гармониясы аркылуу көркөм шартуулукка, метафора менен гиперболизацияга да тиешлүү өлчөмдө жол берип, форма менен мазмундун ажырагыс биримдигине жетишет. Мына ушул сапаттары менен алардын «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялары эпикалык реализмдин сүрөт искусствосундагы  мыкты үлгүлөрү катары окурман-көрөрмандын жан-дүйнөсүнө сиңип,  чыгарманын мазмунуна, идеялык рухуна шайкеш келип, аны менен удаалаш жашоосун улантып, коомчулуктун аң-симинен биротоло орун-очок тапты.

**Адабияттар:**


1. Убукеев М. Тайны эпоса «Манас» //Литературный Киргизстан. -1992. - №11-12. .
2. Мамыров М. «Манас» - эпосунун калыптаныш тарыхы. –Б., 2005. («Манас» эпосу жана байыркы сүрөт өнөрү» деген макаласы).
3. Мусаев С. «Манас» эпосун жыйноо, бастыруу, изилдөө маселери // Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар: Фольклористика. - 2-басылышы. /Проф. А.Акматалиевдин жалпы редакциясында. – Бишкек, 2004.
4. Бакинова Р.А. Эпос «Манас» в кыргызской книжной грфике //Эпос «Манас» и искусство (графика, кино, музыка, сказительство, скульптура). –Бишкек, 1994.
5. Мосолова Л.М. Теодор Герцен: Творческий портрет. –Фрунзе, 1990.
6. Попова О.П. Вступительная статья к альбому: «Теодор Герцен». –М., 2000.

Кыдырбаева Р. Генезис эпоса «Манас». –Фрунзе, 1980.